КЫРГЫЗ ТИЛИ 6-КЛАСС ВАРИАНТ № 1

Аты-жөнү: _____

2020

№ 1. Туура ташымалданган сөздү белгилеңиз.
а) саг-ындык б) ко-з-у
в) караг-ай г) жаан-дуу

№ 2. *Касейин комузун коюп, <u>үйгө</u> кирди.* Белгиленген сөздүн жөндөмөсүн белгилеңиз.
а) чыгыш б) атооч
в) илик г) барыш

№ 3. көрүн – берилген сөздүн сөз түркүмүн белгилеңиз.
а) зат атооч б) этиш
в) сын атооч г) тактооч

№ 4. Сүйлөмдөгү кептин түрүн белгилеңиз.
Көлөкө жамынган кара тоонун капчыгайында түн караңгы.
а) ой жүгүртүүгө б) баяндоого
в) сүрөттөөгө г) көркөм стилге

№ 5. «Уул» деген сөздөгү тамганын жана тыбыштын санын белгилеңиз.
а) 2 тамга, 3 тыбыш
б) 3 тамга, 2 тыбыш
в) 3 тамга, 3 тыбыш
г) 3 тамга, 4 тыбыш

№ 6. «а» – кандай тыбыш?
а) жоон, кең, эринсиз, үндүү
б) ичке, кең, эринсиз, созулма
в) ичке, кууш, кыска, үндүү
г) жоон, кең, эринчил, созулма

№ 7. Каратма сөз катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.
а) Ал өзүнчө күбүрөп, сүйлөнүп баратты.
б) – Ой, Калыс, бу жумшак экен го.
в) – Ой-ой, укмуш экен го?
г) – Албетте, бар.

№ 8. Өтмө маанилүү сөздү белгилеңиз.
а) күмүш сөйкө б) кагаз баштык
в) карагаттын жалбырагы г) алтын балалык

№ 9. Сүйлөмдөгү кептин түрүн белгилеңиз.
Биз дем алыш күнү Чуңкурчак жайлоосуна бардык.
а) сүрөттөө б) баяндоо
в) ой жүгүртүү г) баяндоо жана сүрөттөө

№ 10. Көмүскөдө калган сүйлөм ээсин белгилеңиз. *Адегенде ошонун өзүн түшүндүрчү?*
а) силер б) ал
в) биз г) сен